**Математика**
**PISAга багытталган тест**
**8 - класс**

***1-тапшырма.***

Оң жакта жайгашкан текстти окуп, таблицанын жардамы менен бир туура жооптуу тапшырманы аткаргыла.

Эгерде Бегимай бул азыктардын бардыгынан 1 кг алгысы келсе, анда ал акча каражатын аз чыгымдоо менен кайсы дүкөндөн сатып аларын аныктагыла.

***Бир туура жоопту тандагыла.***

А) “Глобус”
Б) “Народный”
В) “Фрунзе”
Г) бирдей



**Сүйүктүү тамак**

Бегимай «Бешбармак» ашын жасоого керектелүүчү азык-түлүктөрдүн тизмесин түздү. Дүкөндөрдөгү азыктардын баасын билип алды да, таблица түзүп, ар бир азык-түлүктүн баасын жазып чыкты.

| Азык -түлүк | 1кг үчүн баа (сом менен) | | |
|---|---|---|---|
| | “Глобус” | “Народный” | «Фрунзе» |
| Эт | 567 | 550 | 565 |
| Ун | 47 | 51 | 50 |
| Пияз | 22 | 24 | 24 |
| Туз | 11 | 10 | 9 |

**Тапшырманын мүнөздөмөлөрү**

- Баалоонун мазмундук чөйрөсү: сан
- Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: колдонуу
- Контекст: жеке
- Тапшырманын татаалдык деңгээли: орточо
- Жооптун форматы: бир туура жоопту тандоо
- Баалоо объекти: оптималдуу вариантты тандоо
- Максималдуу балл - 1
- Текшерүү ыкмасы: компьютердик

**Баалоо системасы**

| Упай / Код | Критерийдин мазмуну |
|---|---|
| 1 | Жооп: Б) |
| 0 | Башка жооптор. |
| *9* | *Жооп жок* |

***2-тапшырма.***

Оң жакта жайгашкан текстти окуп, таблицанын жардамы менен тапшырманы кенен (толук) чыгарылышы менен аткаргыла.
Ар бир тапшырманын чыгарылышы толук көрсөтүлүшү жана удаалаштык сакталышы керек.

Бегимай апасынын айткан рецеби боюнча, бешбармакты даярдоо үчүн ага 1,5 кг эт, 1 кг ун, 2 кг пияз жана 1 кг салмактагы 1 таңгак туз сатып алды. Бегимайдын 950 сому болсо, анда “Народный” дүкөнүнөн ушул азыктардын баарын сатып алууга анын акчасы жетеби? Өзүңдүн чыгарылышыңды жаз.

Чыгаруу:

Жообу:________________

**Сүйүктүү тамак**

Бегимай «Бешбармак» ашын жасоого керектелүүчү азык-түлүктөрдүн тизмесин түздү. Дүкөндөрдөгү азыктардын баасын билип алды да, таблица түзүп, ар бир азык-түлүктүн баасын жазып чыкты.

| Азык-түлүк | 1 кг үчүн баа (сом менен) | | |
|---|---|---|---|
| | “Глобус” | “Народный” | “Фрунзе” |
| Эт | 567 | 550 | 565 |
| Ун | 47 | 51 | 50 |
| Пияз | 22 | 24 | 24 |
| Туз | 11 | 10 | 9 |



**Тапшырманын мүнөздөмөлөрү**

- Баалоонун мазмундук чөйрөсү: сан
- Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: чечмелөө
- Контекст: жеке
- Тапшырманын татаалдык деңгээли: жогорку
- Жооп форматы: кенен (толук) жооп берүү
- Баалоо объекти: эсептөөлөрдүн натыйжаларын талдоо
- Максималдуу балл - 2
- Текшерүү ыкмасы: эксперттик

**Баалоо системасы**

| Упай / Код | Критерийдин мазмуну |
|---|---|
| 2 | Жооп: жетиштүү.<br>Чыгарылышы бар. Жыйынтыгы жазылган.<br>Мисалы,<br>550 1,5 + 51 + 2 24 + 10 = 934 (сом.)<br>«Народный» дүкөнүндөгү бардык азык түлүк үчүн 934 сом төлөш керек, демек Бегимайдын 950 сому жетет. |
| 1 | Жообу: каалагандай жооп. Чыгаруунун туура алгоритми берилген, бирок анда экиден ашык арифметикалык же анча маанилүү эмес майда каталар кетирилген. |
| 0 | Башка жооптор берилди. |
| 9 | *Жооп жок* |